**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

жаран Айтбай Абдыкадыровдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2014-жылдын 19-декабры                                        Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы: К.С. Сооронкулова, Ч.А. Айдарбекова, Э.Ж. Осконбаевдын курамында, катчы М.Э. Толобалдиевдин катышуусунда, жаран А. Абдыкадыровдун кайрылуусун карап чыгып,

**т а п т ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) 2014-жылдын 10-ноябрында жаран А.Абдыкадыровдун 2010-жылдын 27-июнундагы «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» мыйзамдын 4-беренесинин жокко чыгаруу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Жаран А.Абдыкадыровдун оюу боюнча аталган мыйзамдын 4-беренеси Конституциянын толук кандуу иштешине тоскоолдук жаратат жана ага карама-каршы келет. Анткени Конституциянын 6-беренесинин 1-бөлүгүндө «Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана Кыргыз Республикасында түздөн түз колдонулат» деп эсептейт.

Арызданууччу Конституциянын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Конституциянын негизинде конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар кабыл алынат, ошону менен талашылып жаткан мыйзамдын юридикалык күчү жок экендиги жана Конституцияга карама-каршылыгы далилденет деп белгилейт.



КӨЧҮРМӨ
КОПИЯ

Ошону менен бирге, арызданууччу, 2003-жылдын 2-февралында, 2007-жылдын 21-октябрында, 2010-жылдын 27-июнунда элдик референдумда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керектигин белгилеп өткөн.

Судьялар коллегиясы жаран А. Абдыкадыровдун кайрылуусу боюнча материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде кайрылууну текшерген судья К.С. Сооронкулованын маалыматын угуп, төмөндөгүдөй тыянакка келди.

Конституциянын 97-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык, Конституция тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар тарабынан бузулуп жатат деп эсептесе ар бир адам алардын конституциялуулугун талашууга укуктуу. «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 27-июнундагы Мыйзамы Конституциянын 114-беренесинин талаптарын ишке ашыруу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү маселесин жөнгө салат, ал эми талашылып жаткан ченем адамдын жана жарандын кайсы конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин бузуп жаткандыгы, арыз берүүчү тарабынан көрсөтүлүп кеткен эмес.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүнө, 18-беренесине ылайык, Конституциялык палатанын карамагына мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп таануу кирет.

Ал эми «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» мыйзам Конституция менен бир убакытта кабыл алынган. Аталган мыйзам Конституция менен бирдиктүүлүктө жана макулдашылгандыкта, Конституциянын туундусу жана өзү менен анын өткөөл, колдонууга киргизүү жөнүндө жоболорун көрсөтүү менен андан бөлүнгүс жана мамилелердин уланууусун, туруктуулугун камсыз кылууга багытталган.

Ушуга байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболору конституциялуулук предметинде талашылышы мүмкүн эмес.



Туура:
жалпы бөлүмдүн консультанты А. Асанашева

ЖАЛПЫ БӨЛҮМ
ОБЩИЙ ОТДЕЛ

КӨЧҮРМӨ
КОПИЯ

Демек, кайрылууда билдирилген талап Конституциялык палатанын кароосуна караштуу эмес.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарын, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Жаран А. Абдыкадыровдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Келтирилген материалдар арыздануучуга кайтарылсын.

2. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: К.С. Сооронкулова

Ч.А. Айдарбекова

Э.Ж. Осконбаев

№ 74 о

Туура:
жалпы бөлүмүнүн консультанты А. Асанкулова

ЖАЛПЫ БӨЛҮМ
ОБЩИЙ ОТДЕЛ